ЧҮЙ ОБЛУСУНУН
ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА
ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА
ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз XX (жыйырманчы) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 10-сентябры №100/ XX -29** **Алмалуу айылы**

**Маршруттук унаалардын жол кире тарифин өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 7-сентябрындагы №03-13/899 кайрылуусунун негизинде, жергиликтүү тургундардын жыйынын эске алуу менен, күйүүчү-майлоочу материалдардын, запастык бөлүктөрдүн жана техникалык тейлөөнүн баасынын жогорулашына байланыштуу, **Ысык-Ата айылдык кеңеши токтом кылат:**

1. Калкты ташуучу маршруттук унаалар үчүн жол киренин тарифи төмөнкүдөй өлчөмдө бекитилсин:
   - **Тогуз-Булак жана Кебек-Бий айылдары – 90 (токсон) сом**;
   - **Алмалуу жана Жогорку Ичке-Суу айылдары – 80 (сексен) сом**;
   - **Норус жана Ичке-Суу айылдары – 70 (жетимиш) сом;**
   - **Үч-Эмчек айылы 60 (алтымыш) сом.**
2. Маршруттук каттамдарды тейлеген айдоочуларга төмөнкүдөй кыймыл графигин так сактоо милдеттендирилсин:
   - **Эң көп жүргүнчү ташылган убакта (час-пик)** — каттамдардын ортосундагы интервал 30 (жарым) сааттан ашпоого тийиш;
   - **Ишемби жана жекшемби күндөрү** — каттамдар мурдагы бекитилген график менен калтырылсын (бир саат аралык).
3. Жаңы тариф ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып колдонулсун;
4. Маршруттук каттамдарды тейлеген айдоочуларга бекитилген тарифти так сактоо жана жүргүнчүлөргө алдын ала маалымдоо милдеттендирилсин;
5. Бекитилген тарифтердин колдонулушуна жана маршруттардын социалдык абалына көзөмөл жүргүзүү Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын;
6. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айылдык Кенешинин социалдык иштер (ден-соолук, билим берүү, маданият, укук коргоо, мыйзамдуулук жана туризм) боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.
7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Н.Ибраимов**